Диний окуу жайлар, башталгыч жана орто мектеп курагындагылар, өспүрүм жаштар жана жалпы мусулмандар үчүн.

# СҮРӨТТӨРҮ МЕНЕН МУХТАСАР ИЛМИХАЛ

Ханафий мазхабы негизинде диний зарыл маалыматтар

АЛТЫН БАРАК

УДК 29
ББК 86.38

СҮРӨТТӨРҮ
МЕНЕН
МУХТАСАР

# ИЛМИХАЛ

Ханафий мазхабы негизинде диний зарыл маалыматтар

**Араб:** **الفقه المختصر بالصور على مذهب الامام ابي حنيفة باللغة القيرغيزية**

**РУС:** Начальные знания по Ханафитскому Мазхабу на Кыргызком языке

Бул китеп Кыргызстан мусулмандар дин башкармалыгы тарабынан тастыкталат № 17/2007-ж

Автор: Хасан Арыкан

Которгон: А. Мамажалилов

**ISBN: 978-9967-28-044-1**

Стамбул 2023

Чамлыжа басма жана соода үйү
Баглар мах. Мимар Синан көчөсү. №:54 Гүнешли
Багжылар / Стамбул
Тел: +90212 657 88 00 (pbx) - Факс: +90212 657 95 88
www.camlicabasim.com

*© Бул эмгектин бардык укуктары Алтын Барак басма үйүнө таандык.*
*Уруксатысыз басып чыгарууга тыюу салынат*

# МАЗМУНУ


КИРИШ СӨЗ .................................................... 9

ДИНИБИЗ ИСЛАМ ................................................ 11

ДИН .......................................................... 11

ШАРИЯТ ....................................................... 11

ЫЙМАН ........................................................ 13

ЫЙМАНДЫН ШАРТТАРЫ ............................................ 15

АЛЛАХ ТААЛАГА ИШЕНҮҮ ......................................... 16

СЫФААТЫ ЗААТИЙЯ .............................................. 16

СЫФААТЫ СУБУУТИЙЯ ............................................ 17

ПЕРИШТЕЛЕРГЕ ИШЕНҮҮ .......................................... 19

ТӨРТ ЧОҢ ПЕРИШТЕ ............................................. 20

КИТЕПТЕРГЕ ИШЕНҮҮ ............................................ 21

СУХУФ (Баракчалар): .......................................... 21

КИТЕПТЕР: .................................................... 22

ПАЙГАМБАРЛАРГА ИШЕНҮҮ ........................................ 23

ПАЙГАМБАРЛАРДЫН СЫПАТТАРЫ .................................... 24

КУРАНДА ЫСЫМЫ АТАЛГАН ПАЙГАМБАРЛАР ........................... 25

ПАЙГАМБАРЫБЫЗ ................................................ 26

ПАЙГАМБАРЫБЫЗДЫ ЖАКШЫ ТААНЫЙЛЫ .............................. 30

КЕРЕМЕТТҮҮ САХАБАЛАР ......................................... 33

Сахабалар экиге бөлүнөт: ..................................... 34

АКЫРЕТ КҮНҮНӨ ИШЕНҮҮ ......................................... 35

АЖАЛ ......................................................... 36

ТАГДЫРГА (КАДАРГА) ИШЕНҮҮ .................................... 37

АДАМДЫН ЖЕКЕ КААЛООСУ ........................................ 37

КАДАР (ТАГДЫР) ............................................... 40

КАЗА (ТАГДЫР) ................................................ 40

بسم الله الرحمن الرحيم

# КИРИШ СӨЗ

Адамзатты жана бүткүл ааламдарды улуу даанышмандык жана жогору максат менен жараткан Аллах Таалага чексиз мактоо жана даңктоолор болсун.

Ааламдарга эң улуу мээрим, эң чоң шапаатчы жана Пайгамбарлардын эң даражалуусу катары жиберилген Пайгамбарыбыз Мухаммед Мустафа (с.а.в.) га, анын үйбүлөсүнө, сахабаларына жана аны ээрчигендердин бардыгына салават жана саламдар болсун.

**Илмихал** – мусулмандардын ишеним жана ибадаттарына байланыштуу билүүсү эң зарыл болгон маселелерди ичине камтыган илим.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз (с.а.в.): **«Илим талап кылуу – ар бир мусулман эркек жана аял үчүн парз»**, – деген. Ааламдар сыймыгы Пайгамбарыбыз (с.а.в.) хадистери аркылуу бардык мусулмандардын үйрөнүүлөрү парз экендигин билдирген, эч күмөнсүз, алардын дүйнө жана акыретте бактылуу болууларына себепкер болгон илим – бул Илмихал. Андыктан, ар бир мусулман эркек жана аялдын ишеним жана ибадаттарына тиешелүү маселелерди үйрөнүүлөрү парз. Инсан, «Заруурааты динийя» деп аталуучу зарыл жана маанилүү маселелерди үйрөнүп, ишенмейинче, толук мусулман боло албайт.

«Илмихал» китеби – ар бир мусулмандын диний негизги маселелерди бат үйрөнүп, оңой эсинде сактап калуусуна жардамчы болсун деген максатта, «Ханафий» мазхабынын негизинде даярдалды.

Аллах Таала ыраазылыгына жеткирсин! Оомийн!

## ЗАРЫЛ ЭСКЕРТҮҮ!

Кадырлуу окурман!

Колуңуздардагы эмгекте кээ бир сүрө, аяттар жана баталар орун алган, булардын «крилл тамгалары» менен окулуусу да берилген. Бул араб тамгаларын окуй албагандардын жаттоого жеңил болуусу үчүн берилген. Антпесе, крилл тамгалары менен туура жаттоого мүмкүн эмес. Бул тамгалар менен жаттагандар, сөзсүз түрдө арабча окуй билген устаттардан туура окулуусун үйрөнүүлөрү зарыл.

Сүрөлөрдү кыргызча окуганда төмөндөгү нерселерге көңүл буруңуздар.

<u>л</u>: л тыбышы калың окулат. Мисалы: бала;

<u>к</u>: к тыбышы калың окулат. Мисалы: кагаз;

<u>с</u>: с тыбышы тил менен алдыңкы тиштер арасынан окулат;

<u>з</u>: з тыбышы тил менен алдыңкы тиштер арасынан үн менен окулат;

<u>ъ</u>: тамакты бир аз кысып айтылган тыбыш;

<u>х</u>: х тыбышы калың окулат.

**Кыскартуулар:**

| | |
|---|---|
| (ж.ж.) | Жалла Жалаалуху |
| (а.с.) | Алейхиссалам |
| (с.а.в.) | Саллаллааху алейхи васаллам |
| (р.а.) | Разияллаху анх |
| (рах.) | Рахматуллахи алейх |

**Көңүл бургула:**

Колуңуздардагы китепте Курандан аяттар жана сүрөлөр болгондуктан жерге таштабай, таза кармап, урмат менен пайдалануунузду өзгөчө эсиңиздерге сала кетебиз.

# ДИНИБИЗ ИСЛАМ

## ДИН

**Дин –** Акыл ээлерини өз каалоо-тилектери менен дүйнө жана акыретте бактылуулукка жана саламаттыкка жеткире турган Аллах Тааланын мыйзамы.

Аллах Таала эң биринчи инсан жана алгачкы Пайгамбар Адам (а.с) дан баштап, инсандарга Пайгамбарлар аркылуу диндерин билдирип келген. Аллах Таала Пайгамбарыбыз (с.а.в) аркылуу динибизди толуктаган. Бул дин Ислам деп аталган. Ислам динине ишенгендерге мусулман деп айтылат. Биз да Аллахка шүгүр мусулманбыз.

### ШАРИЯТ

**Шарият –** Дин маанисин билдирген сыяктуу эле, ибадат жана өз ара мамилелерге тиешелүү өкүмдөргө шарият деп аталат. Б.а. шарият дин, дин да шарият болот.